«Кыргыз Республикасы тарабынан форс-мажордук кырдаалдарды күбөлөндүрүү тартиби жөнүндө» ЖОБО

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын 1994-жылдын 13-апрелинде кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы жөнүндө» Мыйзамынын, КРнын Соода-өнөр жай палатасынын Уставынын негизинде түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын эл аралык макулдашууларынын, тышкы соода жана башка келишимдеринин шарттарына ылайык КРнын Соода-өнөр жай палатасы тарабынан форс-мажордук кырдаалдарды күбөлөндүрүү тартибин аныктайт.
2. Форс-мажордук кырдаалдар – бул өзгөчө кырдаалдар, жана мындай шарттардын алдын алуу мүмкүн эмес жагдайлар (тагибат кырсыгы, согуш аракеттери жана башкалар). Мына ушундай кырдаалдар болуп өрт, жер титирөө, суу ташкыны, эпидемия, согуш аракеттери, бороон, ишташтоолор (забастовка), товарларды экспорттого жана импорттоого тыю салуу жана башкалар таанылат.
3. Форс-мажордук кырдаалдарды күбөлөндүрүү КРнын Соода-өнөр жай палатасы тарабынан контракттын (келишимдин) кызыкдар тарабынын жетекчиси кол койгон кат түрүңдөгү арыздын негизинде жүргүзүлөт.

Арызга төмөндөгү документтер бекитилет:

- контракттын (келишимдин ж.б) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү (анда тараптарды жоопкерчиликтен бошотуучу жагдайлар белгиленүүсү зарыл, тараптар макулдашкан форс-мажордуу кырдаалдар деп эсептелине турган окуялар аталышы керек, форс-мажордуу кырдаалдардын болгондугун тастыктоочу органдар ж.б. жазылышы керек);

- спецификациялардын көчүрмөсү;

- контракт боюнча аткарылган милдеттенмелердин көлөмү жөнүндө маалым кат;

- компетенттүү органдардын форс-мажордуу кырдаалдын (өрт, суу ташкыны, жер титирөө, бороон, согуш аракеттери, эпидемиялар, ишташтама (забастовка), товарларды экспорттоого жана импорттоого тыю салуу, ж.б. мамлекеттик тыюу салуучу актылар, комиссиялардын актылары жана протоколдору жөнүндө маалым каттар) болгондугун тастыктаган документтер (экиден кем эмес);

- КРнын Соода-өнөр жай палатасынын анык мүчөлөрү үстүдөгү жылга төлөнө турган мүчөлүк төлөмдөрдүн төлөм тапшырыктарынын көчүрмөсүн көрсөтүүсү абзел, башка уюмдар форс-мажордуу кырдаалдарды күбөлөндүрүү боюнча кызмат акысын төлөгөндүгү жөнүндө төлөм тапшырыктын көчүрмөсүн көрсөтүүлөрү керек;

Зарыл болгон учурларда КРнын Соода-өнөр жай палатасы кошумча документтерди суроосу ыктымал.

4. КРнын Соода-өнөр жай палатасы Кыргыз Республикасынын аймагында болгон форс-мажордук кырдаалдарды күбөлөндүрөт. Арыз берген тарапка сертификат тапшырылат.

5.Ишканалардын, бирикмелердин жана уюмдардын өтүнүчү менен КРнын Соода-өнөр жай палатасы форс-мажордук кырдаалдардын болгондугун текшерет.

6. Арыз берүүчүнүн арыз каты жана документтери КРнын Соода-өнөр жай палатасынын Президентинин атына берилет.

7. Форс-мажордук кырдаалдарды текшерүү жана сертификат, анын көчүрмөсүн, дубликатын берүү үчүн КРнын Соода-өнөр жай палатасынын кызмат көрсөтүүсү үчүн белгиленген тариф боюнча акы алынат.

8. Сертификат арыз ээсине КРнын Соода-өнөр жай палатасынын расмий бланкына басылып чыгарылган түдө берилет.

Сертификатта контракттын (келишимдин) тараптарынын аталыштары, контрактты бекиткен номуру жана датасы, алдын алууга мүмкүн болбогон жагдайдын орун алган жайы, убагы, мезгили көрсөтүлөт.

Сертификатка КРнын Соода-өнөр жай палатасынын Президентинин же Вице-президентинин колу коюлат. Сертификатка КРнын Соода-өнөр жай палатасынын мөөрү коюлат.

Сертификат ар бир контракт (келишим) боюнча орус тилинде берилет. Сертификаттын көчүрмөсү КРнын Соода-өнөр жай палатасынын Административдик-укуктук департаментинде сакталат. Арыз берүүчүнүн жазуу түрүндөгү өтүнүчү менен сертификаттын дубликаты үч күндүн ичинде берилиши мүмкүн.

9. Сертификатты жазып-каттоо арыз түшкөн учурдан баштап 10 иш күн аралыгында жүргүзүлөт. Арыз берүүчүнүн өтүнүч менен кайрылган учурдан баштап сертификат 3 сутка ичинде жазылып-катталышы мүмкүн.

КРнын Соода-өнөр жай палатасы сертификатты берүүдөн баш тарткан жагдайларда КРнын Соода-өнөр жай палатасы ушул Жобонун 9-пунктуна ылайык мөөнөттө арыз берүүчүгө жүйөөлүү жооп жөнөтөт.